БЕКИТЕМИН
№13 Кесиптик лицейинин
директору
К. Сейдалы уулу

**Ч. Түлөбердиев атындагы №13 Кесиптик лицейинин кесиптик программаларынын өзүн –өзү баалоо боюнча комиссиясынын иши жөнүндөгү жобо**

**1. Жалпы жоболор:**

Ч. Түлөбердиев атындагы №13 Кесиптик лицейинин өзүн-өзу баалоо боюнча комиссиясынын иши жөнүндөгу жобосу аккредитацияланууучу билим берүү программаларынын өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиянын иштөө эрежелерин жана тартибин бекитет. Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча аткарылды бекитүү жөнүндө»2015-жылдын 29-декабрындагы №670 жана 2016-жылдын 4-октябрындагы №525 «Кыргыз Республикасынын баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмуна коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнундө»токтомдоруна ылайык иштелип чыкты.

**Өзүн-өзү баалоо максаттары:**

- Ч. Түлөбердиев атындагы №13 кесиптик лицейинин билим берүу программаларынын минемалдык талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келүүсун баалоо;
- билим берүү программаларынын ишмердүүлүгүнө swot анализ жасоо;
- аныкталган кемчиликтерди жасоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана билим берүү уюмунун ишинин сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды пландаштыруу.

1. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын ишин пландоо жана даярдоо
   1.1 Өзун-өзу баалоо кесиптик лицейдин жалпы жамаатынын кеңешинин негизинде жана лицей директорунун бекиткен комиссий тарабынын жүргүзүлөт.
   1.2 Лицей кызматкерлеринин кеңешинин чечими менен комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет.
      - лицей директору - комиссиянын төрагасы
      - директордун орус басары

Scanned with ACE Scanner

- окуу бөлүмдөрүнүн башчысы
- методист
- улук устат
- камкордук кенештин, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелер жана башка кызыктар болгон тараптар.

1.3 Өзүн-өзү баалоо жөнүндө буйруктар төмөнкүлөр көрсөтүлөт:
- ар бир мүчөнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызматы,
- өзүн-өзү баалоо башталган жана аякталган күндөр.
- өзүн-өзү баалоонун отчётун комиссиянын курамына берген датасы, куну;

1.4 Өзун-өзү баалоого даярдык көрүүдө Комиссиянын төрагасы мүчөлөрү менен уюштуруу, даярдык көрүү боюнча жыйналыш өткөрүшөт.
Анда:
- өзун-өзү баалоонун планы каралат жана бекитилет, белгилүү жумуш багыттары боюнча мүчөлөрдүн жоопкерчилига жана ролу аныкталат.
- минималдык талаптардын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде изилдөөгө жана балоого кирүүчү маселелер такталат.
- өзун-өзу баалоонун жыйынтыктарын жалпылоочу жана отчёт даярдоочу адам дайындалат.
- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын-ала жана акыркы кароо мөөнөттөрү аныкталат.

Scanned with ACE Scanner